## И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик Техникалык университети

## Тоо-кен технологиялык колледжинин

## Педагогикалык Кеңешинин №2 протоколу

**27.01.2023-жыл**

**Катышкандар:**

**Педагогикалык Кеңешинин 37 мүчөсү**

### Күн тартиби

| № | Каралуучу суроолор | Баяндамачы |
|---|---|---|
| 1 | Аккредитацияга даярдык, аудиторияларды өтүлүп жаткан сабактарга ылайыктап бөлүштүрүү жана жасалгалоо | Аракеев М.У. |
| 2 | 2022-2023-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгына карата окуу процессинин жүрүшү жана тарбиялык иштердин аткарылышы боюнча маалымат | Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ташполотов К.М. |
| 3 | Окуу-методикалык комплекстерин түзүлүшү жана аткарылышы жөнүндө маалымат | Аракеев М.У., Касымалиева А.А. |
| 4 | Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгы боюнча отчет | Жусупов Р.Р. |
| 5 | Студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча иштердин аткарылышы, кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыгы боюнча кураторлордун отчеттору | Топтордун кураторлору |
| 6 | Тоо-кен технологиялык колледжинин 2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын курамын бекитүү жана Кесипке багыт берүү боюнча профориентациялык иштерди уюштуруу | Аракеев М.У., Ташполотов К.М. |
| 7 | Ар кандай суроолор: | |

1. Аккредитацияга даярдык, аудиторияларды өтүлүп жаткан сабактарга ылайыктап бөлүштүрүү жана жасалгалоо: *Баяндамачы тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

   Саламатсыздарбы урматтуу Педагогикалык кеңештин мүчөлөрү! Бүгүнкү отурумду аккредитацияга тиешелүү маселелер менен баштагым келип турат. Баарыңыздарга маалым болгондой быйылкы жылы алгачкы жолу 130404 «Пайдалуу кендерди жер астында иштетүү» багытында 8 студентти буюрса бүтүргөнү турабыз. Ал үчүн бизге эң негизги маселе аккредитациядан өтүү болуп саналат. Ошондуктан баарыңыздардан суранып кетет элем, жапа тырмак киришип, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, жардам берүүгө чакырат элем. Жакынкы күндөрү аккредитацияга байланыштуу стандарттардын формалары жана тиешелүү документтер колледжге келип түшөөр замат иштеп баштайбыз. Дагы бир маселе колледжге мугалимдер үчүн өзгөчө бизде штатта иштеген составга күнүмдүк дежур графиги түзүлдү, график убагында келип кабинеттерди ачып, окуу процесси үзгүлтүккө учурап калбашына жол бербей, ар дайым көзөмөлгө салынып турсун деп чечтик. Ал эми сырттан келген биздин коллегаларыбызга жыл ичинде түзгөн келишимдин негизинде, ар бир күн үчүн коюлган сааттарды аткарып, кирди-чыкты журналына тастыктап, өзгөчө жазгы семестрде сабагы жоктор аккредитацияга өзгөчөлөнүп жигердүү иштеп жардам кылыңыздар. 2023-жылдын январь айынан баштап табель мурдагыдай кагаз түрүндө эмес, 1С программасына кирди, ага жооптуулар да коюлду. Жооптуу адам сиздер тастыктап жаткан кирди-чыкты журналынын негизинде табельди коюуга милдеттүү, себепсиз келбегендер табельге **0** менен коюлуп кетесиздер, демек - бул канча күн иштесеңиздер ошол күнгө гана ылайык айлык аласыздар дегендик. Себеби жыл башында жалпы Эсептөө бөлүмүнөн бизде кыскартуулар тууралуу эскертүү иретинде сөз козголду. Ошондуктан баарыңыздарды жазгы семестрде сабагым жок дебестен, Аккредитациянын жумушунан сырткары өзүңүздөр өтүп жаткан сабактарга студенттер үчүн колдонмолорду жазып, кабинеттерди тиешелүү плакаттар менен толтуруп иштөөгө чакырам. Бул да болсо келечекте ар бир студенттин билимдүү болуп чыгышына түзгөн бирден-бир шарт болуп эсептелет.

2. 2022-2023-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгына карата окуу процессинин жүрүшү жана тарбиялык иштердин аткарылышы боюнча маалымат: *Баяндамачы тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ташполотов К.М.*

   Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер тарбия иштери боюнча 2022-2023-окуу жылынын иш планы сентябрь айында бекитилген жана ар бир группага кураторлор дайындалып, иш пландарын түзүп, кураторлук сааттарды өткөрүп келе жатышат. Жыл башында студенттер окуу жайдын

окуу системасы менен тааныштырылды жана терең билим алуу максатында окуу жайдын китепканасы менен тааныштыруу иштери жүргүзүлдү. Ар бир студенттин ден-соолугун көзөмөлгө алуу үчүн студенттик поликлиникадан текшерүүдөн өткөрүп каттоого тургуздук. Азыркы кезде студенттер ооруган мезгилде ошол поликлиникадан жардам алып, ооруп калса справка алып жатышат. Ар бир тайпага журнал ачылып, студенттер үчүн тиешелүү маалыматтар жазылды. Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 02.09.2022-жылынын №1721/1 Буйругунун негизинде 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата «Улуттун улуулугу тилинде» аттуу иш-чара өткөрүлдү. Иш чарага студенттер, мугалимдер катышып, жакшы ой пикирлерин айтышты. Иш-чарага активдүү катышкан студенттер мактоо баракчалары менен сыйланышты. Октябрь айында спортту өнүктүрүү жана студенттердин ынтымагын бекемдөө максатында 1-2-курстар арасында «Спорт-өмүрдүн булагы» аттуу темада футбол боюнча мелдеш өткөрүлдү. Активдүү катышкан тайпаларга жана жеке студенттерге ар түрдүү номинациялар боюнча дипломдор тапшырылды. Андан ары 12-декабрь Улуттук адабият күнүнө карата «Чыңгыз менен Алыкул – кыргыз адабиятынын чолпон жылдыздары» аттуу темада адабий-музыкалык кече өткөрүлдү. Активдүү катышкан студенттер баалуу белектер (окуу куралдары) менен сыйланышты.

Ал эми окуу процесси боюнча Тоо-кен технологиялык колледжинде 2022-2023-окуу жылында башка колледждерден которулуп келген студенттерди эске алганда жалпысынан 300 студент окуп жатышат. 2022-жылдын биринчи ноябрынан тартып 4 студент өз каалоолору менен окуудан четтетилди жана 1 студентке аскерге чакырылгандыктан академиялык справка берилди. Биз жаңы окуу жылынан баштап студенттердин сабакка катышуусу жана жетишүүсү боюнча текшерүү жүргүзүп келебиз, алардын биринчи жарым жылдыктагы көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй:

*9-класстын базасында*

- ГГк-9-22 – 66% - куратор Абдыбекова Чынара
- ГФк-9-22 – 65% - куратор Орозова Жумакан
- МДк-9-22 – 71% - куратор Жамангулова Назира
- ОГРк-9-22 – 72% - куратор Исабекова Венера
- ОПИк-9-22 – 60% - куратор Ороскулова Гульзина
- ПГк-9-22 – 68% - куратор Казакова Эльнура
- РКк-9-22 – 61% - куратор Жуман кызы Айнура
- ЭМАк-9-22 – 70% - куратор Мамырбаева Нургуль

*11-класстын базасында*

- ГГк-11-22 – 49% куратор Абдыбекова Чынара
- ГФк-11-22 – 60% куратор Орозова Жумакан
- МДк-11-22 – 65% куратор Жамангулова Назира
- ОГРк-11-22 – 70% куратор Манапова Зулайка
- ОПИк-11-22 – 61% куратор Ороскулова Гульзина

- ПГк-11-22 – 66% куратор Казакова Эльнура
- РКк-11-22 – 60% куратор Жуман кызы Айнура
- ЭМАк-11-22 – 71% куратор Мамырбаева Нургуль
- ГД-11-21 - 71% куратор Жусупов Рамис

Кураторлор үчүн дагы бир маселе ар бириңиздер группалар менен тарбия иштери боюнча дыкаат иш алып барыңыздар. Жалгыз эле кураторлордун жумушу дебестен, ар бир сабак берип жаткан мугалимдер дагы тарбия иштерине салым кошуңуздар, мына азыр балдардын көбүнчөсү түнкү оюн-зоок жайларында жүрүшөт, ар кандай пайдасыз нерселерге барып жатышат, аларга бөгөт коюу же болбосо жоюу максатында ар бирибиз жапырт түшүндүрүү иштерин жүргүзсөк.

3. Окуу-методикалык комплекстерин түзүлүшү жана аткарылышы жөнүндө маалымат. *УГУЛДУ: Окуу-методикалык комиссиянын жетекчиси Касымалиева А.А.* Колледжде баардык окуу процесстери жаңыдан толук кандуу иштеп жаткандыктан, биз ар бир сабактарга Окуу-методикалык комплекстерин түзүп жатабыз. Даяр болгондорду карап чыгып бекитип, кээ бирлерин оңдоого кайрадан мугалимдерге бердик. Акыркы убакыт февраль айынын 10на чейин коюлду.
4. Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгы боюнча отчет: УГУЛДУ ТКТКнин окутуучу, өндүрүштүк практиканын жетекчиси Жусупов Р.Р. Быйылкы бүтүрүүчүлөр «Алтынкен» ЖЧКсы менен келишимдин негизинде жөнөтүлдү. Билдирүү жазып, балдарга буйрук чыккан. Кышкы сессиядан кийин 2022-жылдын 26-декабрынан 2023-жылдын 20-январына чейин практика өтүшөт. Азырынча балдар практиканы өтүү боюнча отчетторун жазып жатышат, 03-февральга чейин отчетторун кабыл алабыз.
5. Студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча иштердин аткарылышы, кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыгы боюнча кураторлордун отчеттору. *Баяндамачылар: Топтордун кураторлору*

   **ГФк-11-22.** 2022-2023-окуу жылында «Пайдалуу казылмалар кендерин издөөнүн жана чалгындоонун геофизикалык ыкмалары» адистигине 11-класстын базасында 13 студент кабыл алынган. Ноябрь айында Алтынбек уулу Нурбата өз каалоосу менен колледжден кеткен, азыркы мезгилде 12 студент билим алып жатат. Студенттердин сабакка катышуусу, жетишүүсү жакшы, өзгөчө кесипке багыт берүүчү предметтерге көп кызыгышат, өз адистигин сүйүп окушат, колледжде өткөрүлгөн иш-чараларга коомдук иштерге активдуу катышуу менен өз жөндөмдүүлүктөрүн көргөзө алышты. Окуу жылынын 1-семестрин 10 студент өз убагында ийгиликтүү тапшырышты. Ал эми Ибраимова Алтынай үй-бүлөлүк шартына байланыштуу 1 предметтен өз убагында тапшыра албай калды, азыркы мезгилде кошумча тапшырмаларды аткарып, тапшырууга аракеттенип жатат. Озгорушов Акун – үй-бүлөлүк шартынан улам (ата-энеси

пенсионер) экзамендерге катыша алган жок, кайра тапшырууга убакыт берилсе, ошол аралыкта тапшыра алат.

**ГФк-9-22.** 2022-2023-окуу жылында «Пайдалуу казылмалар кендерин издөөнүн жана чалгындоонун геофизикалык ыкмалары» адистигине 9-класстын базасында 20 студент кабыл алынган. Студенттердин сабактарга катышуусу, жетишүүлөрү жакшы, жыл башында кыйынчылыктар болду (колледждин окуу системасы боюнча) мугалимдердин жардамы менен өздөштүрүп кетишти. Студенттердин арасында оор шарттагы үй-бүлөлөр, ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелгендер жок, толук кандуу үй-бүлөөнүн балдары. Иш планда белгиленген иш-чараларды өткөрүүдө, алдыңкы талантуу студенттер өздөрүнүн чеберчиликтерин активдүүлүктөрүн көргөзүштү. Окуу жылынын 1 семестриндеги зачет, экзамендерди тапшырууда кээ бир студенттер төмөнкү балл алып калгандыктан каникул мезгилинен кийин аларга кайрадан тапшырууга макулдук берилди.

**Рк-9-22, Рк-11-22**. Рк-9-22 группасында жалпысынан 17 студент окуйт, сабакка катышуусу, жетишүүлөрү, жакшы. Сабака келбеген бала Сыдыкбеков Токтосун байланышсам окуйм деп, бирок сабакка келбей жатат. Ата-энеси телефонго жооп бербейт. Рк-11-22 группасында жалпысынан 14 студент окуйт, сабакка катышуулары канаттандыраарлык. Сабакка келбеген студент – Канатбек уулу Байтик, байланышсам окубайм деди. Ата-энелер чогулушу 09.12.2022 жылы өткөрүлдү.

**ПГк-9-22** группасында 20 студент билим алат. Анын ичинен Какенов Эржан окубайм деп, апасы дагы тастыктап жатат. Арызын жазып кетишет. Мелисова Жанара ооруп, больницага жаткандыгына байланыштуу кээ бир сабактары бүтө элек. Чакеев Ынтымактын кээ бир сабагы бүтө элек. Калгандары баарын тапшырышты. Контракт боюнча 70% төгүлдү. **ПГк-11-22** группасында 13 студент бар. Анын ичинен Кумарбек уулу Самаган окубайм деп жатат. Калган студенттердин сабактары бүткөн. Контракт боюнча 60% төгүлгөн.

**ЭМАк-9-22** группасында жалпы 21 студент окуйт, алардан 19 бала баары толук зачет, экзамендерин тапшырышты, ал эми калган 2 студентимдин 3төн сабактары калды, окуу төлөмү боюнча 2 студент төлөй элек калганы төлөдү. **ЭМАк-11-22** группада жалпы 19 студент билим алышат. 1 студент өз калоосу менен арыз жазып кетти, 1 студент армияга кетти. 13 студент баары зачётторун, экзамендерин тапшырышты. 3 студенттин 2 ден сабактары калды. Контракт боюнча 3 студент бир жуманын ичинде төлөшөт.

**ГД-10-21**. Мен ГД-10-21 группасына куратормун, менин группам быйыл бүтүрүүчү курс болуп эсептелет. Жалпысынан группада 10 студент бар, алардан 2 студент, контракт төлөбөгөндүгүнө жана үй-бүлөлүк себептерден улам окуудан четтетилет. Калган 8 студенттер азыркы учурда өткөн жылы калып калган сабактарын мугалимдерге тапшырып жатышат.

**ОГРк-9-22.** Группада жалпысынан 22 студент окуйт, экзамендик сессияларын 21 студент тапшырды, 1 студент белгисиз себептерден улам

сессия убагында 2 күн келген жок, азыркы тапта кошумча тапшырмаларды алып тапшырып жатат. Окуу төлөмдөрү жалпы 55% пайыз болду. **ОГРк-11-22.** Бул группада жалпы 22 студент окуйт. Күзгү сессияларын тапшырышты, калып калган сабактары боюнча тапшырмаларды алып кайрадан тапшырып жатышат.

**МД(к) -9-22.** 2022-2023-окуу жылында бул группага жалпы 14 студент тапшырган. Сентябрь айында эле группадагы студенттердин жана ата – энелеринин телефон номерлери такталып WhatsAppта атайын студенттер жана ата-энелердин группалары түзүлгөн жана тиешелүү бардык номерлер киргизилген. Ата-энелер менен иш абдан тыгыз жүргүзүлүп, күн сайын байланыш болуп турат. Студенттердин ар бир кыймылы, окуудагы жетишүүсү, тартиби тууралуу маалыматтар ата-энелерге убагында кабарланып келет. Октябрь айында студенттик поликлиникага каттоого турушту. Ооруп калгандыктары тууралуу маалымдамалар убагында тапшырылат. Колледжде өткөрүлгөн маданий жана спорттук иш-чараларда да группанын студенттери өз активдүүлүктөрүн көргөзүшүп, дайыма катышып келишет. М.: *23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү майрамында, 12-декабрь Улуттук адабият күнүнө* арналган кечелерге катышышып, грамоталар, баалуу сыйлыктар менен сыйланышты. *"Спорт өмүрдүн булагы" аталышындагы кичи – футболдук* мелдеште 1-даражадагы диплом жана Кубоктун ээси боло алышты. Студенттер активдүү, себепсиз узак убакытка сабак калтырган, конфликке барган тартиби начар студенттер жок. Окууда өз активдүүлүктөрүн көрсөтүшүп, натыйжада күзгү семестрди бардыгы убагында толук аткарышты. Жетишпеген студенттер группада жок. Катышуу боюнча диспетчердик бөлүм тарабынан жүргүзүлгөн көзөмөлдөө ишинин негизинде бул группа семестр ичи дайыма алдыңкы пайыздык көрсөткүчкө ээ болуп келишти. Окуу төлөмдөрү боюнча жылдык сумманын 65% төгүлдү. 2022-2023-окуу жылында "Маркшейдердик иш" адистигине 11-класстын базасында 11студент тапшырган. Жаңы тапшырган студенттердин жана ата-энелеринин телефон номерлери алынып, студенттер, ата-энелер үчүн атайын WhatsApp группалар уюштурулду жана күнүгө тынымсыз байланыш жүргүзүлүп турат.

**МДк-11-22** группасы ушул адистикте былтыркы 2021-22-окуу жылында окуган МДк-10-21 тобу менен биргеликте окуу процессин аткарып келе жатышат. Башка колледжден 1студент которулуп келди, баарын кошкондо бул адистиктин 2-курсунда 23 студент билим алууда. Катышуу боюнча диспетчердик бөлүм тарабынан жүргүзүлгөн көзөмөлдөө ишинин негизинде бул группанын катышуусу "жакшы" көрсөткүчкө ээ болуп келди. Окуу процесси учурундагы катышуусуна, өз алдынча иштерди

аткаруусуна жараша ар бир студент экзамен – зачетторду тапшырышты. Жыйынтыгында группа 85% билим көрсөткүчүнө ээ болду. Коомдук, маданий жана спорттук иш–чараларга активдүү катышып келишет. *"Спорт өмүрдүн булагы" аталышындагы кичи – футболдук* мелдеште 3-даражадагы диплом жана грамоталар менен сыйланышкан. Студенттердин ар бир суроосуна, кайрылуусуна убагында көмөк көрсөтүлүп турат. Группа ынтымактуу, дайыма бири- бирине колдоо көрсөтүшөт. Окуу төлөмдөрү боюнча жылдык сумманын 60% төгүлдү.

**ОПИк-10-21** группасынан 2-курска 15 бала көчүрүлгөн. Сентябрь айында башка окуу жайдан 1студент которулуп келди жана азыркы убакта 16 бала окуп келүүдө. Бул группанын ата-энелери жана студенттер үчүн былтыркы түзүлгөн WhatsApp группада иш улантылып келүүдө. Күнүгө балдардын сабакка катышы жана тартиби, окуу төлөмдөрү боюнча кайрылуулар, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө. Катышуу жагынан бул группада бир аз начар көрсөткүчкө ээ. Группада Акканов Эргазы бир канча жолу ата-энеси менен болгон сүйлөшүүлөргө карабай окууга катышпай келүүдө. Телефон номери өчүк болгондуктан акыркы күндөрү Инстаграм социалдык түйүнү аркылуу байланышуудамын, бирок жыйынтык али боло элек. Окуу процесси учурундагы катышуусуна, өз алдынча иштерди аткаруусуна жараша ар бир студент экзамен – зачетторду тапшырышты. Жыйынтыгында группа 58% билим көрсөткүчүнө ээ болду. Окуу төлөмдөрү боюнча жылдык сумманын 55% төгүлдү. Сессиянын жыйынтыгынын негизинде узак убакытка окууга келбеген, окуу жай менен байланышты үзгөн айрым студенттерди окуудан чыгаруу керек деген тыянакка келдим. Жыйынтыгында, бул 3 группа менен дагы да болсо ишти жакшы уюштуруп, окуудагы активдүүлүгүн жогорулатуу негизги милдет.

**ОПИк-9-22.** Жалпы группада 17 студент окуйт, 13 студентим бардык экзамендерин тапшырышты, 4 студентимдин 3-4тон сабактары калды, ал эми контрактар боюнча группанын баары жарым төлөмдөрүн жүргүздү.

**ОПИк-11-22.** Жалпысынан группада 9 студент окуйт, 6 студент толук күзгү сессияларын бүтүрүштү. Калган 3 студенттин 3төн сабактары калып, тапшырмаларды алып жооп берип жатышат. Контракт төлөмдөрү бардык студенттерим жарымынан төгүштү.

5. Тоо-кен технологиялык колледжинин 2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын курамын бекитүү жана кесипке багыт берүү боюнча профориентациялык иштерди уюштуруу: Баяндамачы: ТКТКнин директору Аракеев М.У.

Урматтуу Педагогикалык кеңешинин мүчөлөрү! 2023-2024-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу үчүн техникалык комиссиянын

курамын бекитишибиз керек. Колледжден сунушталган окуу-жардамчы кызматкерлеринин тизмесин карап чыгып, бул жылы курамга төмөнкү кызматкерлерибизди көрсөтүп, ачык добуш берүү менен бекитип алсак.

1. Ташполотов К.М. – Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы;
   *Техникалык комиссиясынын мүчөлөрү:*
2. Мамырбаева Н.К. – тоо-кен технологиялык колледжинин окутуучусу;
3. Ороскулова Г.К. – тоо-кен технологиялык колледжинин окутуучусу;
4. Орозова Ж.Т. - тоо-кен технологиялык колледжинин окутуучусу.
   Сиздерге ачык добуш берүү сунушталсын
   Макул – баары, Каршы - жок
   Кесипке багыт берүү боюнча профориентациялык иштерди уюштуруу үчүн кененирээк маалыматтар айтылды. Жаңыдан бекиген Техникалык комиссиясынын мүчөлөрүнө ишеним артылып, алдыда баштай турган иштерине ийгиликтер кааланды.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Педагогикалык кеңеши,

**Токтом кылат:**

1. Аккредитацияга тиешелүү бардык документтер талапка ылайык даярдалсын, аудиторияларды өтүлүп жаткан сабактарга ылайыктап бөлүштүрүү жана жасалгалоо ар бир мугалимге берилсин. Табель толтуруу иши ар бир мугалим койгон кирди-чыкты журналынын негизинде жүргүзүлсүн. Иштин жүрүшүн көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча директордун орун басары К.М. Ташполотовго жүктөлсүн.
2. 2022-2023-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгына карата окуу процессинин жүрүшү жана тарбиялык иштердин аткарылышы боюнча отчеттор кабыл алынсын
3. Окуу-методикалык комплекстерин түзүлүшү жана аткарылышы улантылсын, берилген убакытка чейин ар бир сабактан УМК түзүлүп бүтүрүлсүн, текшерүү жана кабыл алуу Окуу-методикалык комиссиянын жетекчиси А.А. Касымалиевада калтырылсын
4. Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгы боюнча отчет канааттандыраарлык эмес, жогоруда коюлган убакыттан кеч эмес ар бир студенттин дневник, отчеттору жана практиканын жетекчисинин отчету тиешелүү бөлүмгө берилсин
5. Студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча иштердин аткарылышы, кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыгы боюнча кураторлордун отчеттору кабыл алынсын
6. Тоо-кен технологиялык колледжинин 2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын төмөнкү курамы бекитилсин:

1. Ташполотов К.М. – Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы;
   *Техникалык комиссиясынын мүчөлөрү:*
2. Мамырбаева Н.К. – тоо-кен технологиялык колледжинин окутуучусу;
3. Ороскулова Г.К. – тоо-кен технологиялык колледжинин окутуучусу;
4. Орозова Ж.Т. - тоо-кен технологиялык колледжинин окутуучусу.

**ТКТ колледжинин директору** **Аракеев М.У.**

**Педагогикалык Кеңешинин катчысы** **Исабекова В.Ш.**

**Тоо-кен технологиялык колледжинин**
**Педагогикалык кеңешинин мүчөлөрүн**
**КАТТОО БАРАКЧАСЫ**
**27.01.2023**

| № | Ф.И.О. | Подпись |
|---|---|---|
| 1 | Абдыбекова Ч.Ш. | |
| 2 | Алтымышбаева Л.К. | [signature] |
| 3 | Алымбек уулу Ч. | [signature] |
| 4 | Анарбаева Ч.А. | [signature] |
| 5 | Асранкулова Г.М. | [signature] |
| 6 | Бакиева Ж.З. | [signature] |
| 7 | Байкелова Г.Ш. | [signature] |
| 8 | Жуман кызы Айнура | [signature] |
| 9 | Джаналиев Ж.М. | [signature] |
| 10 | Утрекеева Ж. | [signature] |
| 11 | Жусупжанова К.О. | [signature] |
| 12 | Жайлообай к. Ч. | [signature] |
| 13 | Жумалиева Г.А. | [signature] |
| 14 | Жусупов Р.Р. | [signature] |
| 15 | Жамангулова Н.Т. | [signature] |
| 16 | Казакова Э.К. | [signature] |
| 17 | Кубатов А.К. | [signature] |
| 18 | Касымалиева А.А. | |
| 19 | Манапова З.Н. | [signature] |
| 20 | Мырсалиев Ж.Э. | [signature] |
| 21 | Мазымканова А. | |
| 22 | Мурадилов Э. | |
| 23 | Мусаева Ш. | [signature] |
| 24 | Мамырбаева Н.К. | [signature] |
| 25 | Муканбет кызы Э. | [signature] |
| 26 | Назаров С.О. | [signature] |
| 27 | Норузбаев Ж.Д. | [signature] |
| 28 | Ибраева Г.Б. | [signature] |
| 29 | Райышов А.К. | [signature] |
| 30 | Солпиеа З.Р. | [signature] |
| 31 | Солтонкулова М.Д. | [signature] |
| 32 | Самибаева А.Ж. | |
| 33 | Тыныстанова А.А. | |
| 34 | Тыныстанова Н.А. | |
| 35 | Ташполотов К.М. | [signature] |
| 36 | Токбаева З.Т. | |
| 37 | Мааткеримова Б.С. | [signature] |
| 38 | Токторалиев Э.Т. | [signature] |
| 39 | Джукушова Н.А. | [signature] |
| 40 | Орозкулова Г. | [signature] |
| 41 | Орозова Ж.Т. | [signature] |
| 42 | Ысаков А.Ж. | |
| 43 | Эдилбаев С.Ж. | [signature] |
| 44 | Исабекова В.Ш. | Исабекова [signature] |
| 45 | Абдылдабекова Н.А. | [signature] |

46 Толомушова [signature]